**ӨКҮНҮҮ**

**Сөзү**: Тынчтыкбек Нурманбетов

**Обону:** Атайбек Бөдөшовдуку

Аткаруучу: Болот Токтобаев

Аттиң ай!Ошол күнү эрте келсем,
Акыркы керээзиңизди угаар белем?
Энеке,көз жумарың эгер билсем,
кеч калып,көк жылгаяк тебээп белем.

Күтүпсүз оор дартка моюн сунбай,
Күтүпсүз мени сурап эчен курдай.
Бейкапар эшик ачып киргенимде,
Калыпсыз тилиңизди күрмөй албай.

"Акыркы керээзимди айтып өлөм,-
Дечүсүз,-өлөөрүмдө",азиз эне,
Ойлодум:
"Керээз сөзүн айтпай мага,
Капилет кантип энем өлмөк эле.

Нес болдум көздөн жашым тегеренбей,
Сулк жаткан денеңизге түк ишенбей.
Олтурдум опур-топур аламанда,
Дилимде шум ажалга ыраа көрбөй...